**Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар» аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынына илимий жетекчинин**

## ПИКИРИ

Мектепке чейинки курактагы улуураак балдардын ден соолугун чыңдоо педагогикалык процесске ден соолукту жакшыртуучу багытындагы уюштуруучулук-педагогикалык технологияларды жаратуу жана колдонуу менен камсыздалат. Ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды комплекстүү колдонуу ден соолукту жакшыртуучу педагогикада бир бүтүндүктөгү процесс катары окутуунун бир тепкичинен экинчисине өтүүнү камсыз кылат.

Изилдөөнүн объектиси катары мектеп курагына чейинки балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар ал эми изилдөөнүн предмети: мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу боюнча окуу-тарбиялык процесс караплган.

Изилдөөнүн максаты катары мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөтүүчү заманбап ден соолукту сактоочу технологияларды аныктоо болуп эсептелинет. Бул максатка жетүү үчүн изденүүчү изилдөөнүн төмөнкү методдору колдонулган: психологиялык-педагогикалык, философиялык адабияттарды, монографиялык материалдарды, окуу-методикалык адабияттарды анализдөө, педагогикалык байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, диагностикалык сурамжылоо, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун алдыңкы тажрыйбаларын иликтөө жана жалпылоо, моделдештирүү, педагогикалык эксперимент, маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн сандык жана сапаттык методика, эксперимент.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү.

изилдөөнүн предметине тиешелүү ден соолукту сактоого багытталган педагогикалык технологиялар жөнүндөгү психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдү иликтенди, окуу жана мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу заманбап технологияларды мүнөздөлдү, педагогикалык шарттар аныкталды жана мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу технологияларды пайдалануунун модели түзүлдү жана ден соолукту сактоочу технологиялардын моделин ишке киргизүү боюнча эксперименталдык иш жүргүзүлүп алардын мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча натыйжалуулугу далилденди. МББМдин педагогдору үчүн методикалык сунуштамалар иштелип чыкты жана практикада апробацияланды: “Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу” аттуу программа иштелип чыкты. Изилдөөнүн материалдары тарбиялоо багытындагы концепцияларды, программалык долбоорлорду иштеп чыгуу, өнүктүрүү багытында колдонууга сунушталат. Педагогикалык технологияларды пайдалануу аркылуу сергек жашоо образы жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу жана ден соолукту жакшыртуу багытындагы педагогикалык технологиялардын комплексин пайдалануу боюнча методикалык сунуштамаларды мектепке чейинки мекемелерде колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык ишти жазып жаткан мезгилде Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын илимий көз караштары калыптанды, ар түрдүү илимий конференцияларда докладдарды жасады, иш кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берент, ошондуктан коргоого сунушталат.

**Илимий жетекчи, педагогика илимдеринин доктору, профессор,**

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын башчысы** **Калдыбаева А. Т.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ